# 2-секция. Социалдык-гуманитардык илимдер, 2010-жылдын апрели: окуялар, фактылар

***Наркеев С.А. -*** *доц. м.а.*

## *Аксы окуясынын уландысы - жеңиштүү апрель ревлюциясы*

Түштүк кыргыздары анын ичинен аксылыктар, алайлыктар ар дайым кокон бийлигинин учурунда да орус колонизаторлорунун бийлигинин мезгилинде да орус оторчуларына каршы активдүү күрөшүп келгендиги бизге тарыхтан белгилүү. Алардын катарында Нүсүп бий, Алымкул аталык, Алымбек датка, Курманжан даткаларды айтсак болот. Деги эле тоолуктар эркиндикти, акыйкатты, чындыкты жогору баалашат. Алар тоолорундай ойлору бийик, шар аккан сууларындай пассионардуу, аруу эл болушат. Андыктан эгемендүүлүктүн тарыхында Аксы окуясы кыргыз саясый системасын алгач ирет ойлонууга мажбур кылган эле. Арийне кыргыз саясатында акаевдик үй-бүлөлүк башкаруу, партиялык номенкулатура жана коррупцияланган бийлик жана мамлекетти башкарууда кылмыш дүйнөсүнүн бийлик менен аралашып кетүүсү кыргыз жерлеринин коңшу элдерге сатылып кетүүсү күчөгөн, натыйжада элдин наразылыгын пайда кылып көтөрүлүшкө чыга баштаган. Аксыдан башталган күрөштүн экинчи уландысы 2005-жылдын 24-март революциясынын чыгышына себепкер болду. Ал эми апрель
Кыргызстандагы социалдык-экономикалык оор абал;
Кыргызтелекомдун, мегакомдун мыйзамсыз жол менен у.с..ишканалардын, рейдерлик менен менчиктештирилиши;
Өлкөдөгү коррупциянын гүлдөп өнүгүшү;
Уюлдук телефонго, электр тогуна баалардын кескин өсүшү;
Айылдык жаштардын жумушсуздугу;
Улуттук бирдиктүү саясаттын жоктугу;
Элдик нтеллигенттердин улут, мамлекеттин алдындагы чабалдыгы;
Тоолуктардын айдоо жеринин дээрлик жетишсиздиги;
Айрым айыл округунда маданият сарайынын жоктугу;
Билим берүү тармагындагы улуттук саясаттын жоктугу;
Маданиятка көңүл бөлүнбөгөндүгү;
Бийлик менен элдин байлинышынын начардыгы;
Медицина тармагындагы билинип, билинбеген коррупция;
Калкта мамлекет алдындагы жоопкерчиликтин жоктугу;
Калктын архаикалык-урууучулдук аң-сезими;
Салык ситемасынын жабыктыгы;
Чек ара аймактарындагы суу, жер маселелеринин чечилбегендиги;

Натыйжада жалпы аксы эли республикабыздагы калк, атуулдарыбыз менен бирдикте күрөшкө чыгууга шарт жаратылды. Бул революциялык күрөштөрдө да Аксы жериндеги жалпы калк анын ичинде акыйкат үчүн күрөшкө чыккандар: И.Шергазиев, М.Турдубаев, Ш.Кайкиев, Козугулов, Ш.Жаналиев, Б.Кыдыев, М.Жуманазаров, Ж.Надырбеков, Р.Барпиев жана Кадыралы аке сыяктуу мекенчилдер революциянын алдыңкы сабында болушкан. Алар март революциясында да акакевдик диктатурага тикеден-тике каршы чыгышып, ысыгына күйүп, муздагына тоңушкан. Ал эми андан кийин да алар эч кандай бийликке барбастан бакиевдик режимдин аксак жактарын ар дайым эл арасында сындап келишкен.

Аксы аймагында акыйкат, адилеттик деп март революциясынын жеңиштерин сактап калуу үчүн алар ар дайым калк аралап опозициялык күчтөр менен биргеликте күрөшүп турду. Алардын күрөштөрү айрыкча кыргыз генералы И.Исаковдун себепсиз камакка алышы мезгилинен баштап күчөдү. Аксы эли менен Алай эли бир тууган тоолук канны, жаны бир элбиз деп аларга аты аталгандардан М.Турдубаев жана И.Шергазиев алай жерине барып алайлык боордоштордун талаптарына кошулуп суроо, талап менен митингге чыгышып, кээ бир убактарда митингди тынчтык жол менен өткөрүүнүн ыкмаларын айтып, элдин алдыңкы сабында болушкан. Алар андан аксы жерине келишип да генералды колдоо боюнча штабдын жетектешип турган. Борбордон келген опозициялык маанайдагы гезиттерди калк аралап И.Турдубаев менен И.Шергазиевдер таркатуу менен калк ичинде бакиевдик режимди ар тараптуу оң жана терс жактары тууралуу ойлорун айтышкан жана түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Бул иштери үчүн эки инсанды ички иштер органынын кызматкерлери жана коопсуздук комитети тымызын аңдууларды жүргүзгөн. Аны менен гана чектелбестен кээде айып салышкан. Күч бийлигинин мындай аракеттери Шергазиев Изираилди жана Турдубаев Муратты ошончолук чыңалткан, ошондой эле алардын улуттук сезимдерин бекемдеген. Кээде тарыхта эң бир карапайым калктын арасынан суурурулуп чыккан, эл үчүн жанын берген жигиттердин эрдиктери тарых барактарынан орун албай калат. Ошондой эл деп жанын берген жигиттер Мурат аке менен Израйил акелер болуп саналат. Алар бакиевдик тоталитардык бийликти айыбын ачып, эл арасында чындап үгүт иштерин аткарышкан. Мисалы, мен билгенден 2010-жылдын кыш айларында ызгардуу суукта кеч бешимде алайдан келе жатабыз. Сапар эртеби-кеч акыйкатсыз бийлик кулайт, сен бизге ишенип кой деп айткандары, бул акелердин эл, жер акыйкаттык деп айтканына өзүм күбө болгонмун. Балким бизге учурда дал ушулардай мекенчилдик, тайманбагандык, ошондой эле эки эр жигиттин суукка карабай базарда гезит таркатып жүргөнүн көрүп чыныгы арую кыргыз жигиттер экен дегенмин. Ошол мезгилдеги окяларды эстеген М.Турдубаев мындайча эскерет: «2009-жылдын 15-ноябрында экөөбүз жолуктук, Бакиевдин башкаруусу, элдин социалдык-экономикалык абалы жана товарларга, электр тогуна, сотканын бирдиктеринин бааасынын кескин жогорулашы, жалпы калктын нааразылыгын пайда кылып жатканы туралуу бир топ аңгемелештик. Анда экөөбүздүн тең акчабыз жок кардыбыздын ачканын, жол кирege да акча калбаганын жана эптеп карыз алганыбыз, аны менен гана чектелбестен кээбир учурда бир мейзди же кээде бир жумуртканы эки бөлүп жеген күндөр болгонун жана да мындай кезде бири - бирибиңе жөлөк болуп, эртеби-кечпи мамлкетибизде акыйкат, жакшылык орноп калар деп келечекке үмүт, ишеним менен караганбыз»,-деп айтат Мурат Турдубаев. Ошентип, революциялык кырдаал ар тараптуу бышып жетилди.

Окуянын жүрүшү: Аксы аймагынын калкы мамлекетибиздеги боордошторубуз менен бирдикте 2010-жылдын 6-апрелинде шашылыш түрдө кечки саат 22де чогулуп, Кара-Суу, Кызыл-Туу, Кара-Жыгач, Жаңы-Жол, Ак-Жол айыл округдарынын калкынын ичиндеги лидерлер адегенде Кара-Жыгач базарында жыйын өткөрүштү, андан соң Жеңижок музейинин жанында экинчи шашылыш жыйынга чакырылды, ал жыйынга белгилүү революционер демократ Топчубек Тургуналиев, И.Шергазиев, М.Турдубаев, Ш.Кайкиев, Козугулов, Ш.Жаналиев, Б.Кыдыев, М.Жуманазаров, Ж.Надырбеков, Р.Барпиев жана Кадыралы Жорокулов сыяктуу айыл округдардан барган революционерлер шашылыш ачык асман алдында жыйын өткөргөн. Анда чыгып сүйлөгөндөр бакиевдик бийликтин уятсыз парламенттик шайлоолорун, электр тогуна, сотканын баасынын, кыргыз жери Каркыранын казактарга сатылып кетиши жана уулу Максимдин кыргыз телекомду, мегакомду рейдерлик менен басып алуу аракеттери жана менчиктештирип алуунун айла-амалдары тууралуу кескин катуу билдирүүлөрдү калк алдында айтып чыгышты. Алар

ошол түнү таң атканча көз ирмебестен сүйлөшүүлөрдү жүргүздү. Ошол эле кезде алардын койгон талаптары аткарылбай, жеңилүүгө учураса, анда митингге катышкандар жана аны жетектеген жетекчилердин ар бирин алдыда кандай тагдыр күтүп турганы аларга белгилүү болгон.

Ошондуктан алар үчүн бул революциялык кадамдары аң-сезимдүү кадам болуп бийликке эртең жогорудагы талаптарды тез арада чечип берүүсүн айтып жатышты жана ар бир айыл оркугдарынын жетекчилери он башы, жүз башы, миң башы болуп бөлүндү. Темирдей тартипти сактоого катышкандар ант беришти. Эртеси таң атары менен саат жетилерден баштап райондун борборуна колонна менен акыркы тыйындарын чогултуп Кербенге келишти. Кербенде райадминистрациясынын башчысы жана күч бийликтери менен жарым саат тирешүү болду, ага чейин эл жогорудагы талаптарын коюу менен бирдикте аким Орозовду эл менен бирдикте болушун калк аябай суранышты. Тилекке каршы аким мени президент Бакиев бекиткен, мени силердин кетирүүгө акыңар да, укугуңар жок деген мамиле жасады, жыйынтыгында кылкылдаган 5000дей калк милиция кызматкерлерин раймамадминистрацияны курчоодон бошотуусун талап кылды, ал учурда Талант атуу милиционер эскертүү менен асманга ок атты, натыйжада кылкылдаган эл кайрадан жаалданып,администрацияга кирип барышты, милиция, мамлекеттик кызматкерлер иш орундарын тапшырып чыгып кетти. Топчубек Тургуналиевдин жетекчилиги астында шашылыш революциялык жыйын өткөрүлдү.

Эл алдында райондун убактылуу акимин бекитүү зарылдыгын белгиледи жана М.Турдубаев, К.Сейиткулов жана И.Шергазиевдин талапкерлиги көрсөтүлдү. Ошол эле замат жалпы он эки айыл округунан келген калктын катышуусунда жалпы элдик курултайдын негизинде Сейиткулов Кадыркул акимдин милдетин аткаруу кызматына киришти. Бул мыйзамдуу иш аракеттин алгачкы кадамдары эле. Андан соң кечинде мындан ары кандай кадамдарды жасайбыз деген маселе көтөрүлдү айыл округдарында кулатылган бийликке нааразы болгон калктын нааразылыгы күчөдү, аймактарга баруу, калк менен маселени жеринде тынчтык жол менен чечүү керекетигин учур талап кылды.

Натыйжада кайрадан шашылыш 9-апрелде революциялык комитет түзүлдү. Ревкомдун төрагалыгына И.Шергазиев, ал эми катчылыгына С.А.Наркеев бекитилди.

Мамлекеттин бүтүндүгү жана келечеги туралуу маалыматтар басма сөз каражаттарында айтыла калып жатты. Кара-Суу айыл округунда айылдын округ башчысынын ордуна өз адамдарын коюуга аракеттенген топтор пайда болду. Элдин кайрадан нааразылыгы пайда болгондо атайын провокацияны уюштурган башка күчтөр кырдаалдан пайдаланышып, округ башчынын ордуна өз адамдарын алып келүүгө аракеттенишкен. Тилекке каршы алардын ою ишке ашкан жок. Мында ревкомдун жеринде маселени чечүүдөгү аракети чоң мааниге ээ. Ушундай эле кырдаалдар бардык айылдарда оор болуп жатты. Ар айылдан ар бир жетекчинин айыл округдарынан нааразы болгон топтордун кайрылуулары келип түштү. Алардын суроо талаптары коррупцияланган бийликти, бакиевдик бийликтин учурунда укуктары тепселенгендер келип жатты. Айрыкча сот, милиция, билим берүү, айрыкча райондук архивдин башчысынын коррупциялык схемасы туралуу калктан көп даттануулар келип түштү.

Элдин кайрылуулары көп жерлерде жеринде чечилди. Айрым жетекчилер бийликти өз менчигиндей, атасы ээлеп бергендей аң сезимде калыптанганы таң калтырып жатты. Эл аларды канчалык бийликтен кетүүсүн талап кылса да, кабинетинин ачкычын бербегенге аракет жасаган бийлик адамдарын көрүп аябай таң каласың. Революция өз максатына жеттиби деген суроо пайда болот. Аксы аймагында кырдаалды акимдин милдетин аткаруучу К.Сейиткулов жана ревкомдун мүчөлөрү толук контролдукка алып турду.

Жалал-Абаддагы окуяда да Аксылык жигиттер бийликти колго алууда андан кийинки оор кырдаалдарда да азыркы бийликтин тикеленишине жардам берип турушту.

**Жыйынтыгы:**

Эӊ алгач элдин эконоимикалык суроо талаптары аткарылды, конституциялык реформа ишке ашты. Бирок бийликте тазалануу болгон жок. 2010-жылдын май-июнь айларында «АтаЖурт коркунучта деп кайрылууларды жөнөттүк, бирок жоопсуз калып жатты» Өнүгүүнүн кечеӊдеп жатышы эмнеде? Демек, биринчиден биздин өлкөдө бийликте отургандардын ар качан сөзү тура болуп келгендиги жана да алар эч качан элдин көз карашы менен эсептешпей келгендиктен, карапайым калк менен элдин ортосунда ажырым келип чыкканын байкоого болот. Элдин ишенимине кирүү үчүн биздин азыркы бийлик тазалануу процесстерин ишке ашыруусу тийиш;

Экинчиден кызыл партиялык система менен башкаруу бизде дагы да болсо бар. Ǜчүнчүдөн, башкаруу чулардын эгемендик мамлекеттин башкаруучусу экендигин жетекчилер өздөрүн толук эл алдында жооопкерсиз мамилеси жана бийлик бул баюунун бирден- бир булагы экендигин революцияга чейинда, азыр да эл башкаргандардын аракеттеринен улам байкоого болот.

Калктын аӊ-сезиминде эски архаикалык уруучулдук түшүнүктүн калыптанып калышы да себепкер болууда.

Бизде мыйзамдар элге толук жетпейт, себеби, карапайым мыйзамчылар менен калк толук аралашып иштебейт, мыйзам чыгаруу иштерине аралашпайт, парламент калк үчүн ачык эшиктер күнүн өткөрбөйт, натыйжада элдин бийликке болгон ишеними калыптанган эмес. Аксыдагы революциялык күчтүн кыймылдаткычы дагы эле болсо айылда жашаган айылдык пролетар- дыйкандар жана жаштар экендиги чындык. Алардын жол башчылары да айылдыктар. Демек, апрель революциясы да Аксы жана март революцияларынын уландысы жана «күрөштүн кыргыз жолу» деп айтууга толук негиз бар.